УДК 541.486.541.49.

*Шайимкулова М.,*
*Ош мамлекеттик университети*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА МЕКЕН ТААНУУ ПРЕДМЕТИН ОКУТУУДАГЫ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

*В данной статье рассматриваются некоторые особенности преподавания Родиноведения в начальных классах и даются рекомендации для обновления обучения.*

*This artic1e is about some characteristic and replacement for education to teaching Motherland in timeried.*

Билим берүүчү мектептердеги башталгыч класстын мекен таануу курсу көп билим-тарбия башаты болуп саналат [6]. Анын негизги максаты география, биология, физика, астрономия, химия сабактарындагы табият жөнүндөгү билим берүүнүн алгачкы этабы болуу менен бирге, келечек муундарын Мекени, мамлекеттин калкы, улуттук маданияты, элдик каада-салты менен тааныштыруу.

Коюлган максатка жетүү үчүн бир нече милдеттерди аныктайт:

-эгемендүү Кыргызстандын улуттук тарыхый маданиятын, жергиликтүү этнографиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, Адам жана табият, жер жана эл, маданият жана ыйман жөнүндөгү системалуу түшүнүктөрдү окуучулардын сезиминде пайда кылуу, жаратуу;

- мекен таануу көп тармактуу окуу предмети (биология, география, астрономия, физика, химия), бирок анын бөлүктөрү бири-бирине байланыштуу, логикалык жактан ажырагыс бир бүтүн экендиги жөнүндөгү түшүнүгүн камсыздоо;

-Ата Мекенди таанып билүүгө, аны сүйүүгө, ар бир атуулдун өз өлкөсүнө болгон көз карашын калыптандырууга багытталат [7].

Мекен таануу сабагын окутууда жогоруда көрсөтүлгөн максатка жетүү үчүн коюлган милдеттерди аткарууга зор жоопкерчилик талап кьшынат. Башталгыч класс мугалимине “Мекен” түшүнүгү бул касиеттүү Жер-Эне, киндик каны тамган жери, анда туулуп өскөнжерибиздин тоо-ташы, суусу, топурагы, өсүмдүк-жаныбарлары, калайык журтубуздун басып өткөн жолу, турмушу бар экендигин кенже мектеп окуучуларына окутуу процессинде түшүндүрүү зарылдыгы турат. Ушуга байланыштуу башталгыч класстын мекен таануу сабагын окутуунун бир нече өзгөчөлуктөр бар.

**1.** Мекен таанууну окутуудагы көрсөтмө куралдар дидактикалык мүнөзү боюнча дагы, сандык курамы жана колдонуу ыкмалары боюнча дагы кеп турдуу.

а) Башталгыч класста окутулуучу жаратьшыштын жандуу объектилери:

***өсүмдүктөр:*** чөптөр, бадалдар, бак-дарактар. Алардын ар биринин бөлүктөрүнүн (тамыры, сабагы, жалбырагы, гүлү) түзүлүшүндөгү өзгөчөлүктөрүн, каерде кездешүүсүн жаратылышка экскурсияга чыккан кезде тааныштырып окутулат. Мисалы, Жер-эненин балдары. Өсүмдүктөр. өсүмдүктүн бөлүктөрү. Кыргызстандын жашылчалары жана мөмө-жемиштери. Эгин талаасы күзүндө. Талааларда эмне өсөт? деген темаларды сабак учурунда: окуса, экскурсия учурунда аларды таанытып үйрөтөт [2].

***жаныбарлар:*** үй жана жапайы жаныбарлар, курт-кумурскалар, жерде-сууда жашоочулар, сойлоп жүрүүчүлөр. Алардын түрлөрүн, жашоо мүнөзүн, кездешүүсүн жогоруда белгилегендей сабак учурунда жана экскурсияда окутат [1, 3].

Жаратьшыштын жандуу объектилерин натуралай көрсөтмө курал катары пайдалануу Мекен таануу сабагын окутуудагы негизги өзгөчөлүк болуп саналат. Анткени, кенже мектеп жашындагы окуучулар бул көрсөтмө куралдарды табигый, натуралай көрүп таанышуу менен байкоо жүргүзүү, андап сезүү, логикалык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрү артат. Айрыкча, мындай касиеттеринин жогорулашына жаратылыштагы мезгилдердин алмашышы зор таасир этет. Дал ушул мезгилдердин алмашышы менен жаратьшыштын тирүү объектилеринин түрдүү кубулуштары 1-1V класс окуучуларын тандантат, кызыктырат, ой

жүгүртүүгө мажбурлайт жана анын натыйжасы баланы өрчүтөт, өнүктүрөт.

Жаратылышка экскурсияга алып чыгып окутууга шарт болбой калган учурларда мектептин жандуу бурчун, окуу тажрыйба участкасын пайдаланып жаратышыштын жандуу объектилерин окутуу мумкунчулугу бар [5].

б) Башталгыч класста окутулуучу жаратышыштын жандуу объектилеринин жансыз көрсөтмө куралдары: түрдүү экологиялык топтогу өсмдүктөрдүн гербарийлери, жаныбарлардын көлөмүн, формасын, өнү-түсүн так берген чучелалар, жалпы белгилерге ээ болгон, окшош объектилердин тобу - коллекциялар, мисалы курт-кумурскалардын, жалбырактардын, уруктардын, мөмөлөрдүн коллекциялары. Мекен таануу сабагын окутууда бул көрсөтмө куралдардын тобу колдонууга ыңгайлуулугу, узак сактоого мүмкүндүгү жана жаңы материалды тааныштырууда так маалымат берүү өзгөчөлүгүнө ээ.

в) Кенже класстарда окутулуучу жаратышыштын жансыз объектилери: кен байлыктар, тоо-таш, суу, топурак ж.б. Көрсөтмө куралдын бул тобун көрсөтүп гана тим болбостон алардын пайда болуусун, түрлөрүн, курамын түшүндүрүү кенже мектеп жашындагы окуучуларда өзгөчө кызыгууну жаратат.

**2.** 1-1V-класстарына жараша Мекен таануу сабагында башталгыч класстардын окуучуларына Мекенге, анын калкы, маданияты, урп-адаты, каада-салты жөнүндө түшүнүк терендетилип барат. Бул түшүнүктөрдү балалык таза журөгү менен кабыл алган окуучуларды мекенчил, патриот инсан кылып тарбиялоо өзгөчөлүгү бар.

**3.** Мекен таануу предметин окутууда окутууну уюштуруунун түрдүү формаларын пайдалануу, сабак, экскурсия, класстан тышкаркы иштер, сабактан тышкаркы иштер, практикалык сабакта окуучунун өз колу менен ишти аткаруусу, окуучуларды зеригүүдөн, тажоодон сактайт. Окуучунун өз үйү, көчөсү, айылы, шаары деген жөнөкөй түшүнүктөн Мекени, жашаган Жер шары, Аалам жөнүндөгү кеңири түшүнүктөргө эгедер болот [4]. Мындай жаңы түшүнүктөр аларды окуп билим алууга, көп нерсени билүүгө, ошол эле учурда башталгыч класста окутулуучу Мекен таануу предметинен башка предметтерди да кызыгып окуусуна алып келет.

Жогоруда санап өткөн мекен таанууну окутуудагы бир нече өзгөчөлүктөргө карабай бүгүнкү күндө башталгыч класстарда мекен таанууну окутуу үчүн бөлүнгөн сааттар кыскарууда. Алсак бүгүнкү күнгө чейин башталгыч класстардын I, II, III чейректеринде мекен таануу сабагы үчүн 16 сааттан бөлүнгөн болсо, 2009-2010-окуу жылында 8 саатка жарткан, б.а. жумасына 1 саат окутулат. Мындай көрүнүш Ош шаарынын жана областынын райондорунун мектептерине болууда.

Мекен таануу предмета баштагы жаратышышгы уйрөнүүнүн ордуна киритилген б.а. **баш**га жаратышышты гана үйрөткөн предмет болсо, мекен таануу болгондон бери Ата Мекенибиз Кыргызстандын мамлекеттик түзүлүшү, ата-бабаларыбыздын жашоо мүнөзү, каада-салты, үрп-адаты деген өтө чоң материалдар жартылышына кошулуп окутулуп жатат. Бул проблема аттын кашкасындай дайын болуп туруп саатты тең барабар кыскартууга кантип болсун.

Заман өзгөрүп, тынбай илимий-техникалык прогресс жүрүп жаткан мезгилге жараша жаңыланышыбыз керек. Бүгүнкү күндөгү 1-1V класстын окуучусунун аң-сезими өткөн-кылымдын 70-жылдарындагы ошол эле курактагы балдардын аң-сезиминен алда канча өскөн. Ошондуктан да коңшу Россия Федерациясынын Билим берүү министрлиги сунуштаган 1-класстар үчүн “Мир вокруг нас” окуу куралынан бир эле мисал келтирсек, алгачкы эле беттеринде Күн, Ай, жылдыздар жөнүндө түшүнүк берилет жана окуу жылдын акырына карай кеңейтилет. Республикабыздын 1-класстарьнын мекен таануу окуу куралынын 42-бетинде бул түшүнүк “Түн ичинде асманда ай, жылдыздар болот” деп бир сүйлөм менен берилет. Мугалим Жер, Кун, жылдыздар жөнүндө түшүнүктү кеңири бере албайт. Анткени убакыт өтө кыскартылып чектелген.

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч класста окуучуга карата таза жазууга, окууга, кошуп-кемитүүгө зор талап коюлуп, ал эми баланын дүйнөгө болгон карашышын, жан дүйнөсүнүн, руханий байлыгынын өсүшүн, личность болуп калыптанышын кийинки

орунга коюп жаткандайбыз.

Жогорудагы пикирлерди негиздеп сунуш кылабыз.

**1.** Башталгыч класстардын Мекен таануу предмети табигый илимдердин (биолог, химия, физика, астрономия ж.б.) башаты болгондуктан, ал илимдерге тиешелүү материалдарды кеңейтип кароо зарыл.

**2.** Башталгыч класстын Мекен таануу предмета үчүн бөлүнгөн жумалык **жүктөм 2** сааттан кем болбосо жакшы болор эле.

*дабияттар:*


1.Мамбетова З.Ж. Мекен таануу. 1 класс. Окуу китеби. - Б.: “Технология”, 2001.

2.Мамбетова З.Ж. Мекен таануу. 2 класс. Окуу китеби. - Б.: “Кыргызстан”, 1996.

3.Мамбетова З.Ж. Мекен таануу. 3 класс. Окуу китеби. - Б.: “Кыргызстан”, 1998.

4.Мамбетова З.Ж. Мекен таануу. 4 класс. Окуу китеби. - Б.: “Билим куту”, 2004.

5.Пакулова В.М., Кузнецова В.И. Методика преподавания природоведения. - М “Просвещение”, 1990.

6.Федорова В.Н., Якупов С.З. Методика обучения природоведению в 4 классе. - М. “Просвещение”, 1993.

7.Шайимкулова М.А., Аблабекова Ж.К. Мекен таануу жана аны окутуу усулиятынын окуу программасы. - Ош, 2009.